УДК: 93/94
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-277-280

**Смадияров С.А.**
тарых илим. канд., доц.
Ош мамлекеттик университети
**Смадияров С.А.**
канд. истор. наук, доц.
Ошский государственный университет
**Smadiyarov S.A.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Osh International University

# Э. АРАБАЕВДИН КЫРГЫЗ-СОВЕТ ПЕДАГОГИКА ИЛИМИНИН КАЛЫПТАНЫШЫНДАГЫ ОРДУ

# РОЛЬ Э. АРАБАЕВА В СТАНОВЛЕНИИ КЫРГЫЗСКО-СОВЕТСКОЙ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ НАУКИ

# THE ROLE OF E. ARABAEV IN THE DEVELOPMENT OF THE KYRGYZ-SOVIET PEDAGOGICAL SCIENCE

**Аннотация:** Макалада Совет бийлигинин билим берүү жана илим багытындагы кайра куруулары, анын негизги максаттары жана кыйынчылыктары баяндалат. Кыргыз элинин алгачкы агартуучусу, педагог-окумуштуу Э. Арабаевдин Кыргызстандагы алгачкы илимий уюм Академиялык борборду, Илимий комиссияны жетектөөсү, анын Кыргызстандын педагогика илиминин калыптанышындагы орду аныкталат.

**Негизги сөздөр:** Совет доору, билим берүү, Илимий комиссия, Академиялык борбор, Эркин Тоо, Алип-бээ.

**Аннотация:** В статье рассказывается о преобразованиях советской власти в области образования и науки, о руководстве первого просветителя кыргызского народа и ученого педагога Э. Арабаева над первыми научными учреждениями Кыргызстана – Академическим центром и Научной комиссией, определяется его роль в становлении педагогической науки Кыргызстана.

**Ключевые слова:** советская эпоха, образование, Научная комиссия, Академический центр, Эркин Тоо, Алип-бээ.

**Annotation:** The article tells about the transformations of the Soviet government in the field of education and science, about the leadership of the first educator of the Kyrgyz people and the scientist teacher E. Arabaev over the first scientific institutions of Kyrgyzstan – the Academic Center and

the Scientific Commission, his role in the formation of pedagogical science of Kyrgyzstan is determined.

**Keywords:** Soviet era, education, Scientific Commission, Academic Center, Erkin Too, Alippe.

Совет доору (1917–1991-жж.) кыргыз элинин тарыхындагы эң олуттуу тарыхый доор. Бир кылымга жетпеген бул доордо кыргыз элинин саясий, социалдык-экономикалык, маданий өнүгүүсүндө мурдагы миң жылдарды камтыган доорлордо жүз бербеген прогрессивдүү өзгөрүүлөр ишке ашты. Бул тарыхый факт. Совет доорунда, тагыраагы өткөн кылымдын 20–30-жылдарында Кыргызстанда бир катар илим тармактарынын, анын ичинде педагогика илиминин негизи калыптанган. Бул иштин башатында кыргыз элинин алгачкы агартуучу-окумуштуусу Эшенаалы Арабаев турган.

Жаш совет өкмөтүнүн жаңы социалисттик коомду куруудагы башкы милдети – туташ сабатсыздыкты жоюу аркылуу калктын билим деңгээлин көтөрүү, балдар-кыздарды, жаштарды мектептерге, окуу жайларга тартуу, б.а. жаңы социалисттик коомду куруучу советтик атуулду идеялык, уюштурууучулук жактан даярдоо болгон. Бул милдет өтө чоң кыйынчылыктар, тоскоолдуктар менен ишке ашкан. Биринчиден, эң чоң тоскоолдук кыргыз элинин революцияга чейинки туташ сабатсыздыгы болгон – революцияга чейин кыргыздардын 0,6%ы гана окуп жаза билген. 1926-жылдагы Бүткүл союздук эл каттоонун маалыматы боюнча кыргыз элинин 4,7% ы сабаттуу болгон [1. 116-117-б.]. Экинчиден, кыргыз жерлери 1918-жылдын апрелинен – 1924-жылдын октябрына чейин Түркстан АССРинин курамында, төрт областтын аймагында чачыранды бойдон калып калган. Мындай абал, кыргыздардын социалдык-экономикалык, маданий, билим берүү багытындагы маселелеринин ылдам чечилишине терс таасирин тийгизген. Үчүнчүдөн, атуулдук (граждандык) согуш, өзгөчө түштүктө көпкө созулган басмачылык кыймыл, бул иш чаралардын ургалдуу жүрүшүнө кедергисин тийгизген. Төртүнчүдөн, каражаттын жетишсиздиги жана Ташкенде отурган Түркстан АССРинин айрым жетекчилеринин трайбалисттик позициясы, б.а. улуттук жиктешүүгө чейин кыргыздардын маданий-экономикалык зарылдыктарына көңүл бурбоо болгон.

Ошондой эле, кадрлардын өтө аздыгы, жетишсиздиги сабатсыздыкты жоюу, билим берүүнү жолго коюу маселесиндеги чоң көйгөй болгон. Бул маселени совет өкмөтү эки жол менен чечкен: 1-революцияга чейин медреседе, орус-тузем мектептеринде билим алган билимдүү, тажрыйбалуу кадрларды тартуу, пайдалануу; 2-кыска мөөнөттүн ичинде улуттук педагогикалык кадрларды даярдоо, диний мектеп-медреселерден окугандарды кыска мөөнөттүк курстарда кайра даярдоо аркылуу.

Мына ушундай иш чаралардын натыйжасында, Кыргызстанда 1919-жылы эң алгачкы педагогикалык курстар пайда болгон. Алсак, ушул жылы Пишпекте 6 айлык педагогикалык курс ачылган. Ошондой эле, 300дөн ашык кыргызстандык мугалимдер Ташкен жана Верный (Алматы) шаарларындагы адистигин жогорулатуу курстарынан өтүшкөн. Бирок, мындай педагогикалык курстар аркылуу эле мектеп мугалимдеринин профессионалдык маселелерин чечүү жетишсиз болгон. Андыктан, педагогикалык илимий-билимдер боюнча иш-чараларды түп-тамырынан кайра кароо зарылдыгы турган. Мына ушул максатта 1920-жылы Ташкенде Түркстан мамлекеттик университети ачылган. Аталган окуу жай Борбордук Азия элдерине,

анын ичинде кыргыздарга жогорку билимдүү илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо, педагогикалык илимий изилдөөлөрдү калыптандыруу жана өнүктүрүү ишине чоң өбөлгө жараткан. Кыргызстандагы алгачкы жогорку квалификациялуу педагогикалык адистер мына ушул окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү болушкан. Алардын көпчүлүгү Кыргызстандагы алгачкы педагогикалык орто жана жогорку окуу жайларда эмгектенген. 1923-жылы аталган университет Орто Азия мамлекеттик университети (САГУ) болуп кайра түзүлгөн [2].

Ошентип, билим берүү системасындагы советтик кайра куруулар, б.а. жаңы советтик мектептердин, орто жана жогорку окуу жайлардын ачылышы, алар үчүн окуу-программаларын, окуу китептерин, окуу-методикалык куралдарды жана башка илимий-методикалык иш чараларды пландуу жана максаттуу алып баруу зарылдыгын жараткан. Ушул максатта, 1922-жылы Түркстан АССРинин эл агартуу комиссариатынын алдында Кыргыз илимий комиссиясы түзүлүп, аны жетектөө Э. Арабаевге тапшырылган. Мына ушул илимий комиссия кыргыз-совет педагогика илиминин калыптанышынын башаты болгон десек жаңылышпайбыз.

Э. Арабаевдин бул кызматка дайындалышы кокустук болгон эмес. Революцияга чейин эле агартуучулук ишмердигин ургалдуу жүргүзүп келген ал, совет бийлиги орногондон кийин, өзүнүн айтуусу боюнча 1917-жылдын ортосунда Кытайдан кайтып келип (1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштөн кийин Кытайга качкан), коомдук-саясий, агартуучулук иштерге активдүү аралаша баштаган. 1917–1918-жж. Пржевальск уездиндеги качкындарга көмөк көрсөтүүчү Кыргыз комитетинин төрагасы кызматында иштеп, Кытайга качкан качкындарды кайтаруу, алардын көйгөйлөрүн чечүү багытында көп иштерди жасаган. 1918-жылы Оренбургда өткөн курултайга катышып, ач-жылаңач качкындарга жардам берүүнү сурап, делегаттарга кайрылуу жасап, бул маселеге алардын көңүлүн бурган. Андан соң Тоң районундагы агартуучулук ишин уланткан. 1919-жылы Ташкенде өткөн мугалимдердин аймактык жыйынына катышкан. Тез эле өзүнүн уюштуруучулук жөндөмү, бийик интеллекти, активдүүлүгү менен коомчулукка белгилүү болгон. Ошондуктан советтик бийлик органдары аны мамлекеттик кызматка тартышкан, анткени, ал мезгилде мындай билимдүү, иш билги, жөндөмдүү кадрлар өтө аз, жетишсиз болгон. Ошентип Э. Арабаев 1922-1924-жж. (Борбордук Азияда улуттук-мамлекеттик жиктешүү саясаты ишке ашып, Кара-Кыргыз автономиялык областы түзүлгөнгө чейин) Түркстан АССРинин эл агартуу комиссариатында иштеген [3, 112–113-б.].

Кийин, 1924-жылы улуттук-мамлекеттик жиктешүүнүн натыйжасында, 1924-жылы 14-октябрьда РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялык областы түзүлгөндө, анын эң жогорку убактылуу мамлекеттик бийлик жана башкаруу органы болгон Өзгөрүш комитетинин (революциялык комитет – С.С.) курамына Э. Арабаев да мүчө болуп кирген [4, 29–30-б.]. Бул албетте, биринчиден, Илимий комиссиянын алдындагы чечилүүчү маселелердин мамлекет, коом үчүн олуттуулугун тастыктап турса, экинчиден, Э. Арабаевдин кадыр-баркынын көрсөткүчү экендигин белгилөөгө болот.

Кыргыз элинин улуттук мамлекети түзүлгөндөн кийин, Кара-кыргыз илимий комиссиясы Өзгөрүш комитетинин курамындагы билим берүү бөлүмүнүн алдында 1924-жылдын 20-декабрынан тартып Академиялык борбор деп аталып, өз ишмердүүлүгүн алып барган. Бирок, 1925-жылдын апрель айынан кайрадан Илимий комиссия деп аталган. Ушул

жылдын 3-сентябрына чейин аны Э. Арабаев жетектеген, андан кийин Илимий комиссияны жетектөө К. Тыныстановго өткөн [5, 53-б.].

Анын бул кызматтан бошотулушу илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнө эмес, саясий ишмердүүлүгүнө, б. а. 1925-жылдын июнь айындагы "Отузчулардын катына" байланыштуу болгон [6, 163–216-б.]. Изилдөөлөр тастыктагандай, Кыргызстандын жана Орто Азиянын партиялык уюмдарынын "отузчуларга" карата кабыл алган чечимдери адилетсиз болгон.

Кыргыз автономиялык областынын бардык илимий мекемелеринин, уюмдарынын жана илимий коомдорунун ишмердүүлүгүн түздөн-түз башкаруу, координациялоо жана багыт берүү ушул Эшенаалы Арабаев жетектеген Илимий комиссиянын колунда болгон. Илимий комиссия КАОнун бардык мектептери жана окуу жайлары үчүн жергиликтүү шарттарга ылайыктуу окуу пландарын, программаларды жана усулдук көрсөтмөлөрдү иштеп чыккан.

Кыргыз мамлекеттик басмасы пайда болгонго чейин Илимий комиссия басма иши жана окуу китептерин чыгаруу менен да алектенген. Анын жардамы менен эң алгачкы кыргыз тилиндеги "Эркин Тоо" газетасын чыгаруу уюштурулган. Кыргызстан басма сөзүнүн туңгучу болгон "Эркин Тоо" газетасынын атын да Э. Арабаев койгон. Илимий комиссиянын төрагасы газетанын редколлегиясынын мүчөсү да болгон [3, 156-б].

"Эркин Тоонун" тарыхый биринчи санына Э. Арабаевдин "Эркин Тоо" (Кыргыз калкы, анын территориясы жөнүндө) деген көлөмдүү макаласы басылган[7, 236–237-б.]. Ошол эле жылдын аягында Э. Арабаевдин "Кыргыз алип-бээси" 4000 даана менен араб тамгасында Ташкен шаарында басмадан чыккан. Э. Арабаев жетектеген Илимий комиссия, кийин Академиялык борбор, кайрадан Илимий комиссия мектептерге жана окуу жайларга окуу китептерин, усулдук колдонмолорду даярдап чыгаруу менен катар эле, эл арасынан кыргыз элинин оозеки чыгармаларын, "Манас" эпосун жыйноо жана кагазга түшүрүү ишин да алып барган жана бул багытта алгылыктуу ийгиликтерге жетишкен.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин тунгуч агартуучусу, педагог-окумуштуу Эшенаалы Арабаев Кыргызстандагы эң алгачкы илимий борбор – Академиялык борборду (Илимий комиссияны) жетектөө менен Кыргызстандын илиминин, анын ичинде өзгөчө педагогика илиминин калыптанышына, пайдубалынын түптөлүшүнө олуттуу салым кошкон.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Воропаева В., Джунушалиев Д., Плоских В. История отечества.Краткий курс лекций по истории Кыргызстана. – Б., 2005. – С. 116–117.
2. https://dic.academic.ru/dic.nsf/ruwiki/1239729.
3. Абдрахманов Т.А., Кубатова А.Э., Байдилдеев Ж.Р. Эки доор инсаны Эшенаалы Арабаев. – Б., 2013. – 112-113-бб.
4. Смадияров С. Кыргыз мамлекети автономия жылдарында (1924–1936-жж.). – Ош, 2016. – 29–30-бб.
5. КР БМАсы, ф.647, оп.1, иш кагазы 19, 53-б.
6. Курманов З.К. Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы. – Б., 1997. – С. 163–216.
7. Карасаев Х. Хусеин наама (Баштан өткөндөр). – Б., 2001. – 236–237-бб.


**Рецензент: тарых илим. канд., доц. Арстанов С.А.**